# ЖАҢЫ ЧЕКТЕРГЕ ЧЫГАБЫЗ



Тогузунчу беш жылдыктын чечүүчү, үчүнчү жылы биздин колхоздун дыйкандары үчүн ийгиликтүү болду. Атап айтканда кызылчачылар баалуу техникалык өсүмдүктү өндүрүү жана мамлекетке сатуу боюнча жогорку милдеттенмелерин аткарууну ийгиликтүү аякташты.

Биздин комсомолдук-жаштар звенобуздун коллективи да Родинага берген убадаларынын өтөлүнө чыгышты. Милдеттенмедеги 420нын ордуна плантациянын ар гектар аянтынан 426 центнерден кызылча өстүрүлүп, мамлекетке жөнөтүлдү.

Быйылкы жылдын түшүмү үчүн бөлүнгөн жер массивдерин механизаторлор былтыркы күздө эле айдашкан. Жер айдалар алдында гектарына 2 центнерден минералдык жер семирткич берилген. Адистер — тоңдурма жакшы сапатта дурус агротехникалык мөөнөттөрдө айдалды деп жыйынтыкташкан.

Марттын аягында ным жабылгандан кийин биз үрөн себүүчү агрегаттарыбызды талааларга алып чыктык. Кызылча уругун себе баштадык. Бир эле учурда гектарына 2,5 центнерден минералдык семирткич бердик. Кырк саатта алгачкы 50 гектар жерге кызылча үрөнүн септик. Бизде ар бир погон метр жерге 17—18 кызылча түптөрү жайгаштырылды. Бул үрөн себүүнүн азайтылган нормасы. Үч сменде шлейфтөө менен үрөн өнүп чыканга чейинки малалоо жүргүздүк. Мындай агроыкманы биз былтыр да колдонгонбуз. Үрөн өсүп чыккандан кийинда малалоо керек. «Кыргызстан жарым гибрид-18» райондоштурулган жана текшерилген үрөн сорту өзүн жогорку түшүмдүү урук катарында көрсөткөн.

Звенонун мүчөлөрү бардык иштерди оптималдуу мөөнөттөрдө аяктап, жакшы агродеңгээлде аткарыш үчүн күчтөрү менен убакыттарын аяшпайт. Биз техникаларды ишке эртең мененки саат 6да алып чыгабыз. Кечинде саат 9дарда аяктайбыз. Бизге ишенип берилген техника жакшы ремонттолгондуктан үзгүлтүксүз иштөөдө.

Звенонун механизаторлору Боромбай Айылчинов, Мамыркан Калыгулов, Василий Роднов, Аман Арзыматов мала тартканда болсун, үрөн сепкенде болсун нормаларын такай ашыра аткарып турушат. Нормадагы 8 гектардын ордуна бир сменде 13—14 гектар кыртышка урук себилип турат. Ным жабуу тапшырмасы да бир кыйла ашык аткарылууда.

Кызылча үрөнүн себүү аяктап калды. Ал үчүн бизге алты жумушчу күнү керек болду деп айтууга болот. Эрте себилген участкаларда үрөндөр өнүп чыга баштады. Дагы малалоого киришебиз. Республиканын жана Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдыгын татыктуу тосуш үчүн мелдешке кошулган звенонун коллективи кайраттуу турушат. Звено плантациядагы шаровкалоо, суюлтуу, букеттерди текшерүү, катар аралыктарды жумшартуу, өсүмдүктөрдү азоттук семирткичтер менен эки жолу азыктандыруу, сугат иштерин сапаттуу жана жакшы агротехникалык мөөнөттөрдө өткөрүүнү чечти.

Ушундай иштегенде гана биз 102 гектар аянттын ар гектарынан 435 центнерден фабрикалык кызылча алабыз деген жаңы чекке чыга алабыз. Биздин жогорулатылган милдеттенмебиз мына ушундай.

**М. ШНИ,**

**Жданов атындагы колхоздун комплекстүү механикалаштырылган звеносунун звеновою.**